***DOI:10.26104/NNTIK.2022.65.48.075***

*Кенжебаев Д.О., Кыркбаева Г.Н.*

# ЛЕКСИКАДАГЫ МИКРОСИСТЕМАЛАРДЫН ИЕРАРХИЯСЫ

*Кенжебаев Д.О., Кыркбаева Г.Н.*

# ИЕРАРХИЯ МИКРОСИСТЕМ В ЛЕКСИКЕ

*D. Kenzhebaev, N. Kyrkbaeva*

# HIERARCHY OF MICROSYSTEMS IN VOCABULARY

*УДК: 81. 272*

*Макалада тилдин лексикалык деңгээлиндеги системалуулукка карата окумуштуулар тарабынан айтылган ар кыл пикирлер, көз караштар, тил илиминдеги система, структура түшүнүктөрүнүн маңызы туурасында сөз болот. Ошондой эле «семантикалык талаа» жана «лексика-семантикалык топ» түшүнүктөрүнүн окшош жактары жана принципиалдуу айырмачылыктары иликтенет. Атап айтканда, сөздөрдүн лексика-семантикалык топтору түшүнүгүнүн маанилик чегин аныктап, тактап алуу кызыгуу жараткан башкы маселе катары эсептелет. Анткени, биздин жеке көз карашыбызда, сөздөрдүн лексика-семантикалык топтору түшүнүгү лексикологияда активдүү колдонулган түшүнүк экендигине карабастан, тил илиминде мындай топторду бөлүп алуунун жалпыга бирдей кабыл алынган критерийлери иштелип чыга элек. Ушундан улам сөздөрдүн лексика-семантикалык топтору түшүнүгүн бул түшүнүккө маанилик жактан жакын «семантикалык талаа» түшүнүгүнөн айырмалап алуу зарылчылыгына байланыштуу макалада ар кандай көз караштан аргументтер келтирилген.*

***Негизги сөздөр:*** *тилдик иерархия, лексикология, система, структура, семантикалык талаа, лексика-семантикалык топ, лексема, синтагматика, парадигма.*

*В данной статье рассматриваются вопросы, касающиеся таких понятий в лингвистике как система и структура, а также взгляды и точки зрения некоторых ученых, высказанных касательно проблем системного изучения лексики. Помимо этого, анализируются схожие признаки и принципиальные различия таких понятий как «семантическое поле» и «лексико-семантическая группа». В частности, особый интерес представляет точное определение границ семантики понятия лексико-семантическая группа слов. Поскольку, на наш взгляд, в области общего языкознания еще не разработаны общепринятые критерии определения семантики упомянутого выше понятия, несмотря на то, что оно относится к числу актвно используемых терминов в области современного языкознания. В этой связи в данной статье приведены соответствующие аргументы и обоснована необходимость разграничения упомянутых выше двух понятий, а именно, таких понятий как «семантическое поле» и «лексико-семантическая группа».*

***Ключеывые слова:*** *языковая иерархия, лексикология, система, структура, семантическое поле, лексико-семантическая группа, лексема, синтагматика, парадигма.*

*In this article we consider questions related to such concepts in linguistics as a system and structure, as well as the views and points of view of some scholars expressed concerning the problems of systemic study of vocabulary. In addition, similar characteristics and principal differences of such concepts as "semantic field" and "lexico-semantic group" are analyzed. In particular, of particular interest is the precise definition of the boundaries of the semantics of the concept lexico-semantic group of words. Since, in our opinion, in the field of general linguistics no generally accepted criteria for determining the semantics of the above concept have not been developed yet, despite the fact that it belongs to the number of actively used terms in the field of modern linguistics. In this regard, this article presents the relevant arguments and substantiates the need to distinguish between the two concepts mentioned above, namely such concepts as "semantic field" and "lexical-semantic group".*

***Key words:*** *language hierarchy,lexicology, system, structure, semantic field, lexico-semantic group, lexeme, syntagmatics, paradigm.*

Тил илиминин тарыхынан белгилүү болгондой, тилди шарттуу белгилердин системасы катары кароо тенденциясы структурализм багытынын жаралышын шарттаган. Аталган багыттын маңызында тилдик белгилердин бири-бири менен өз ара мамилеге кирүүсү белгилүү ырааттуулук, система аркылуу жүзөгө ашары туурасындагы көз караш-концепция жатат. Мындай системанын эки жактуулугу синтагматика менен парадигматиканын каршы коюлушу аркылуу түшүндүрүлгөн. Тагыраак айтканда, синтагматикалык мамиледе тилдик элементтер түз сызыктуу, ырааттуу тартипте каралса, ал эми парадигматикалык мамиле кеңири парадигмадан белгилүү бир тилдик элементтин тандалып алынышы катары каралган. Демек, тил илиминдеги структурализм багытынын жактоочулары тилди структура катары, жөнөкөй тил менен айтканда, бири-бири менен шарттalышкан, бири-бирине көз каранды кубулуштардын бүтүндүгү катары кабылдашып, тилдик компоненттердин өз ара мамилеге кирүүсүн изилдөөнү башкы максат катары эсептешкен. Тилди структура катары мүнөздөө менен катар, аны система катары да кароо салты бар. Тил илиминде «структура» жана «система» түшүнүктөрү айрым учурда бир эле түшүнүк катары каралса, айрым учурларда бири-бирине маанилик жактан жакын, бирок өз ара айырмаланган түшүнүктөр катары да каралат. Окумуштуу Ф.П. Филиндин көз карашында, система бири-бири менен өз ара тыгыз, органикалык байланыштагы компоненттердин (тилдик субстанция менен тилдик байланыштардын) комплекси болсо, структура ошол компоненттердин ортосундагы байланыштын өзү катары чечмеленет [5, 13-б]. Келтирилген пикирге үндөш эле пикир окумуштуу Л.Н. Засорина тарабынан да айтылган. Анын пикиринде, система – структуралык жактан уюшулган, өз ара байланышкатыштагы, өз ара шарттaшкан элементтердин жыйындысы, ал эми ошол системанын алкагындагы элементтердин өз ара байланыштарынын белгилүү тар-

тиби, ыраттуулугу структура катары түшүндүрүлгөн [1, 6-б.]. Ушул өңүттөн алып караганда, тил татаал системаны элестетип, анын элементтеринин ортосундагы байланыштардын бир тектүү эместигинен улам, элементтердин чакан топтору, же подсистемалар бөлүнүп чыгат. Кээ бир подсистемалар бири-бирине баш ийип иерархиялык катышта болсо, айрымдары параллель катышта туруп кызмат аткарат. Тилдин мындай табияты аны системалардын системасы катары мүнөздөөгө, аны деңгээлдерге жана ярустарга бөлүп кароого негиз түзөт.

Тилдин башка деңгээлдери менен катаранын лексикалык жана лексика-семантикалык деңгээлдери бар экендиги белгилүү. Лексикалык деңгээлдин бирдиги катары сөз, салттуу түрдө лексема деп аталган анын формалары менен маанилеринин жыйындысы эсептелет. Ал эми сөздүн лексика-семантикалык варианты лексика-семантикалык деңгээлдин, ошону менен бирге мазмундун эң кичине бирдиги катары семасиологиянын изилдөө предмети болуп саналат. Лексикологиянын тил илиминин өз алдынча бөлүмү катары калыптанып өнүгүүсүнө тилди система жана структура турпатында кароо жана ушундан улам анын денгээлдерге, ярустарга бөлүштүрүү аракети түздөн-түз таасир тийгизген. Тилди система катары карап изилдөө алгач фонетиканын алкагында жүргүзүлүп, андан соң системдүү изилдөө башка деңгээлдерде да колдонула баштаган. Ошондой болсо дагы лексиканы система катары кароонун тууралыгына кошулбаган көз караштар да болгондугун баса белгилөөгө болот. Мындай көз караштар, биринчи кезекте, лексиканын тилдин башка деңгээлдеринен болгон спецификалык өзгөчөлүгүнө, атап айтканда, лексиканын кеңдигине, анын бирдиктеринин ар кылдыгына, динамизмине, лексиканын ички уюушулушунун татаалдыгына, сөздөрдүн семантикалык варианттуулугуна, көп маанилүүлүгүнө байланыштуу келип чыккан деген ойдобуз. Бирок мезгилдин өтүшү менен тилдик башка деңгээлдердей эле лексика дагы системалуулуукка ээ экендигин ар тараптуу далилдеген көз караштар пайда болуп, лексикадагы системалуулук андагы микросистемалардын өз ара ырааттуу байланышы аркылуу далилденип келет. Мындай микросистемаларга тематикалык, лексика-семантикалык топтор, синонимдик катарлар, антонимдик жуптар жана башкаларды киргизүүгө болот. Демек, лексикада бирдиктүү структуранын, жалпы иерархиянын жоктугуна карабастан, элементтердин өз ара карым-катнашка кирүү, байланышта болуу өңдүү универсалдуу принциптер бар экендиги талашсыз. Сөз болуп жаткан маселеге байланыштуу окумуштуу В.Н. Прохорованын: «Тигил же бул тилдин лексикасын, бир жагынан, бири-бири менен жарым-жартылай катыштагы, экинчи жагынан, жарым-жартылай чектешкен лексикалык микро структуралар катары да эсептөөгө болот» - деген пикирин келтирүүгө болот. Аты аталган окумуштуу оюн жыйынтыктап келип, лексикадагы системалуулукту, иерархияны чексиз түз сызыктуу ыраатуулук катары кароого болбостугун баса белгилейт да, сөздөрдүн ортолорундагы байланыш-катыштын бир тектүү эместигин кошумчалоо менен, төмөндөгүдөй топторду болуп көрсөтөт:

1. Структура-морфологиялык байланыштар;
2. Структура-синтагматикалык байланыштар;
3. Семантикалык байланыштар өз кезегинде төмөндөгүдөй топторду түзөт:

а) семантикалык талаа же сөздөрдүн лексика-семантикалык топтору;

б) сөздөрдүн синонимдик катарлары;

в) синонимдик талаалардын курамына жана сөздөрдүн синонимдик катарларына таасирин тийгизүүчү антонимдик катыштагы сөздөр;

г) сөздөрдүн түз жана өтмө маанилеринин катыштыгын, алардын көп маанилүүлүккө ээ болушун чагылдырган байланыштар [3, 63-б.].

Мында сөздөрдүн лексика-семантикалык топтору түшүнүгүнүн маанилик чегин аныктап, тактап алуу кызыгуу жараткан башкы маселе катары эсептелет. Анткени, биздин жеке көз карашыбызда, сөздөрдүн лексика-семантикалык топтору түшүнүгү лексикологияда активдүү колдонулган түшүнүк экендигине карабастан, тил илиминде мындай топторду бөлүп алуунун жалпыга бирдей кабыл алынган критерийлери иштелип чыга элек. Ушундан улам сөздөрдүн лексика-семантикалык топтору түшүнүгүн бул түшүнүккө маанилик жактан жакын «семантикалык талаа» түшүнүгүнөн айырмалап алуу зарылчылыгы туулат.

«Семантикалык талаа» термини тил илиминде Г.Ипсен тарабынан 1924-жылы киргизилген. Орус тил илиминде семантикалык талаа теориясы жалпы идеянын бири-бири менен байланышкан көз караштардын маанилүү деп саналган варианттарын камтый тургандыгына байланыштуу айтылган көз караштар арбын. «Семантикалык талаа» түшүнүгүнүн маңызын аныктоого карата окумуштуулардын төмөндөгүдөй пикирлерин да кошумчалап кетүүгө болот. Маселен, окумуштуу Й. Трирдин концециясында «семантикалык талаа» түшүнүгү иерархиялык тартиптеги ыраат-туулук катары түшүндүрүлгөн. Тагыраак айтканда, окумуштуунун пикиринде, тигил же бул тилдин сөздүк курамы ири сөздүк талааларга, өз кезегинде мындай ири талаалар андан да майда талааларга бөлүнүп отуруп, акырында майда бирдиктерге, же болбосо сөздөргө чейин жетип, концептуалдуу же семантикалык талаанын ар бир бөлүгү маанилик жактан бири-бири менен байланышкан сөздөр менен толукталат. Ал эми окумуштуу Г. Ипсен «семантикалык талаа» түшүнүгүн, биринчи кезекте, маанилик жана грамматикалык жалпылык аркылуу бириккен, этимологиялык жактан бири-бири менен байланышкан сөздөрдүн жыйындысы катары карайт. Окумуштуунун ою боюнча, мындай талаага кирген сөздөр образдуу айт-

канда, мозаиканы элестетип, б.а. ар бир сөз өз алдынча маанилик оттенокко ээ болуп турганы менен, жалпысынан маанилик биримдикке баш ийип турушат. Ал эми В. Порциг этиш жана субъект же сын атооч жана зат атооч сөздөрдүн өз ара айкашуусун «синтаксистик талаалар» деп атоо менен, алардын лексикалык маанилерин жана синтаксистик жактан айкашуу моделдерин семантикалык биримдиктин шарты катары караган. Сөз болуп жаткан түшүнүк Ш. Балли жана А.П. Клименко өңдүү окумуштуулар тарабынан «ассоциативдик талаа» түшүнүгү катары чечмеленген. Атап айтканда, «ассоциативдик талаа» аты аталган окумуштуулар тарабынан информанттын аң-сезиминде стимул-сөздөн улам жаралган көп сандаган сөздөрдүн бүтүндөй катарлары катары аныкталган.

Жогоруда белгиленип өткөндөй, лексика-семантикалык топ түшүнүгүнө карата тил илиминде бирдиктүү эреже жок. Сөздөрдүн кайсы бир лексика-семантикалык тобуна тигил же бул сөздү киргизүү ар кандай критерийлердин негизинде ишке ашырылып жүрөт. Орус тил илиминде бул маселелеге карата В.И. Кодуховдун: «Сөздөрдүн грамматикалык, сөз жасоочулук жана стилдик топтору менен катар, тигил же бул тилдин лексикасында сөздөрдүн алардын лексикалык маанилери боюнча, атап айтканда, маанилеринин бир өңчөйлүгүнө, жакындыгына карап бириккен топтору да бар. Маселен, көз, мурун, кол, бут, баш өңдүү сөздөр адамдын дене мүчөлөрүн атаган сөздөр катары бир топко киришет. Демек, сөздөр лексикалык маанилерине карап лексика-семантикалык топторго биригишет. Ал эми сөздөрдүн лексикалык маанилерине карап топторго биригиши тигил же бул түшүнүктөрдүн байланыштарына негизделет [2, 5-б.]. Ал эми окумуштуу Ф.П. Филин: «Эки андан көп сөздөрдүн лексикалык маанилери боюнча биргиши лексикалык-семантикалык топту түзөт» – деген көз карашты айткан [5, 230-б.]. Окумуштуу мындай топторго синонимдерди, антонимдерди сөздөрдүн семантикалык жалпылыкка, байланышка негизделген башка топторун киргизүүгө болорун белгилеген. Ошондой болсо дагы семантикалык талаа, лексика-семантикалык топ түшүнүктөрүнүн принципиалдуу айырмачылыктарын атап көрсөтүүгө келгенде, окумуштуулар ар кандай айырма, өзгөчөлүктөрдү бөлүп көрсөтүшөт. Маселен, И.П. Слесарева лексика-семантикалык топ түшүнүгүн синонимдик катар менен семантикалык талаа түшүнүктөрүнүн ортосундагы түшүнүк катары мүнөздөгөн [4, 45-б.]. Бул көз караштан аты аталган окумуштуунун лексика-семантикалык топту семантикалык талаанын бир бөлүгү катары карагандыгын баамдоого болот. Биздин пикирибизде да, лексика-семантикалык топ семантикалык талаанын бир бөлүгү катары эсептелет. Айталы, «Адамдын сырткы келбети» семантикалык талаа болсо, ал эми кара көз, мурутчан, ак сакалдуу, кырдач мурун, шыңга бой, кең далы, кебеттүү өңдүү сөздөрдүн жыйындысы лексика-семантикалык топту түзөт.

Соңку мезгилдерде кыргыз тилиндеги ар бир сөз түркүмүнө мүнөздүү лексика-семантикалык топторду изилдөөгө болгон кызыгуунун артышы тилдин лексикалык системасын изилдөөгө ырааттуулук киргизүү аракети менен түшүндүрүлөт. Мындан тышкары лексика-семантикалык топторду түзүп чыгуу, аларды иликтөө бир катар пратикалык мүнөздөгү зарылчылык-өбөлгөлөр аркылуу шартталгандыгын айтууга болот. Маселен, кыргыз тилин башка улут өкүлдөрүнө бөтөн тил катары окутууда кыргыз тилинин лексикалык системасын башка тилдердин лексикалык системаларына салыштыруу аркылуу анын спецификасын ачып көрсөтүүдө лексика-семантикалык топтордун ролу чоң экендиги айтпаса да түшүнүктүү. Себеби лексика-семантикалык топторду изилдөө бир беткей тилдик гана маселе болуп эсептелбестен, анын психологиялык өңүтү да бар экендигин эске алуу зарыл. Башкача айтканда, бири-бири менен материалдык, предметтик маанилер, ошондой эле ассоциативдик байланыштар аркылуу лексика-семантикалык топторго бириккен сөздөрдү окутууда, аларды эске тутууда сөздөрдүн лексика-семантикалык топтордогу системалуу байланыштары чоң мааниге ээ. Лексика-семантикалык топторго мүнөздүү ырааттуулук, системалуу байланыштар кыргыз тилинин лексикасына байланыштуу көлөмдүү материалды өздөштүрүүдө белгилүү ырааттуулуктун, тартиптин сакталышына түздөн-түз өбөлгө түзөт.

Жыйынтыктап айтканда, лексика-семантикалык топ жана семантикалык талаа бири-бири менен тыгыз байланыштагы категориялар катары эсептелгени менен, өздөрүнүн масштабдары боюнча айырмаланышат: семантикалык талаа лексика-семантикалык топту өзүнө камтыган кеңири түшүнүк болуп эсептелсе, эреже катары, бир сөз түркүмүнө кирген сөздөрдүн жыйындысынан турган лексика-семантикалык топ түшүнүгү, өз кезегинде синонимдик катарлардан куралат. Ал эми мындай иерархиялык тартип лексиканын микросистемаларынын белгилүү бир структурага ээ экендигинен кабар берет.

**Адабияттар:**


1. Засорина Л.Н. Введение в структурную лингвистику М., 1974.
2. Кодухов В.И.Введение в языкознание. М., 1987.
3. Прохорова В.Н. Русская терминология: лексико-семантическое образование. М., 1996.
4. Слесарева И.П. Проблемы описания и преподавания русской лексики. М., 1980.
5. Филин Ф.П. О лексике-семантических группах слов. София, 1957.